DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Каримов Б.А., Апажанова М.Ж., Нурстанбек кызы А.

НООКАТ РАЙОНУНУН ЖАЙЫТТАРЫНЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Каримов Б.А., Апажанова М.Ж., Нурстанбек кызы А.

СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ПАСТБИЩ НООКАТСКОГО РАЙОНА

B.A. Karimov, M.Zh. Apajanova, Nurstanbek kyzy A.

CURRENT CONDITION OF PASTURES IN NOOKAT DISTRICT

УДК: 633.2/3

Ноокат районунун калкынын материалдык жетишкендигин камсыздоодо артыкчылыктуу фактор болгон мал чарбачылыгы үчүн жайыттардын маниси көрсөтүлгөн. Макалада Ноокат районундагы жайыт экосистемасынын экологиялык бүтүндүгүн сактоо максатында жайыттарга мониторинг жүргүзүү менен ал ресурстарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу жолдорун аныкталып, жайыттардын учурдагы абалы жана пайдалануу өзгөчөлүктөрү аныкталды. Изилденген аймактагы мал айдап өтчү жолдор жана көпүрөлөр сел, жер көчкүлөрүнөн же антропогендик таасирлердин кесепетинен бузулуп калгандыктан жайыттардын 40%, өзгөчө алыскы жайкы жайыттар пайдаланылбай калган.Жайыттарынын потенциалын аныктоо, жайыт пайдалануунун ыңгайлуу ыкмаларын иштеп чыгуу, айыл өкмөттөрдүн деңгээлинде жайыт башкаруу менен байланышкан бир катар маанилүү маселелер талкууланган. Ноокат районундагы жайыт экосистемаларына мониторинг жүргүзүү менен аларды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу жолдорун аныктоо максатында жайыттардын учурдагы абалы жана пайдалануу өзгөчөлүктөрү аныкталды.

Негизги сөздөр:*жайыт, жайыт деградациясы, чөп өсүмдүктөрү, айыл чарба, жайыт ресурсу, топурак эррозиясы, мал чарба.*

Показано значение пастбищ для животноводства, являющегося приоритетным фактором обеспечения материальной обеспеченности населения Ноокатского района.В целях сохранения экологической целостности пастбищной экосистемы Ноокатского района проведен мониторинг пастбищ, определены пути эффективного и рационального использования этих ресурсов, определены современное состояние и особенности использования пастбищ.40% пастбищ, особенно отдаленные летние пастбища, остались неиспользованными из-за того, что скотопрогонные дороги и мосты на исследуемой территории были повреждены селями, оползнями или антропогенными воздействиями.На уровне айыл окмоту обсужден ряд важных вопросов, связанных с определением потенциала пастбищ, выработкой благоприятных методов использования пастбищ, управлением пастбищами. В целях определения путей их эффективного и рационального использования путем мониторинга пастбищных экосистем Ноокатского района определено текущее состояние и особенности использования пастбищ.

Ключевые слова: *пастбища, деградация пастбищ, сенокосы, сельское хозяйство, ресурсы пастбищ, эрозия почвы, животноводство.*

The importance of pastures for animal husbandry, which is a priority factor in ensuring the material security of the population of the Nookat district, is shown.In order to preserve the ecological integrity of the pasture ecosystem of the Nookat district, pastures were monitored, ways of effective and rational use of these resources were determined, and the current state and features of pasture use were determined.40% of pastures, especially remote summer pastures, remained unused due to the fact that cattle roads and bridges in the study area were damaged by mudslides, landslides or anthropogenic impacts.A number of important issues related to determining the potential of pastures, developing favorable methods for using pastures, and managing pastures were discussed at the aiyl okmotu level. In order to determine the ways of their effective and rational use by monitoring the pasture ecosystems of the Nookat district, the current state and features of pasture use are determined.

Key words: *pastures, pasture degradation, haymaking, agriculture, pasture resources, soil erosion, animal husbandry.*

Ноокат районунун жаратылышынын өзгөчөлүктөрү экологиялык таза продукция өндүрүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Райондун фермерлеринин материалдык жетишкендиктерин камсыздоодо мал чарбачылыгы үчүн артыкчылыктуу болуп саналган жайыттардын абалы өзгөчө маниге ээ болот. Демек, райондун айыл чарбасынын андан ары өнүгүшү, дыйкан жана фермерлердин кирешесинин өсүшү жайыт ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануга түздөн-түз көз каранды болот [1].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Ошондуктан экономикалык, социалдык жана экологиялык тармактарда иштиктүү натыйжаларга жетүү үчүн жайыттарды башкарууну жакшыртуу, жайыттарды такырлануудан сактоо жана өзүн-өзү калыбына келтирүүчү табийгый ыргактарды жандандыруу боюнча уюштуруучулук иш чаралар комплексин ишке ашыруу актуалдуу маселе болуп саналат.

Ошондуктан биз, Ноокат районундагы жайыт экосистемасынын экологиялык бүтүндүгүн сактоо максатында жайыттарга мониторинг жүргүзүү менен ал ресурстарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу жолдорун аныктоону максат кылып, ал үчүн адегенде жайыттардын учурдагы абалын жана пайдалануу өзгөчөлүктөрүн аныктадык.

Ноокат району боюнча жайыттардын жалпы аянты 80025,6 гектар болуп, алардын 20%ын бийик тоолуу, 36%ын – айыл четиндеги, 44%ын – интенсивдүү пайдаланылган жайыттар түзөт (табл.1). Сезондуулугу боюнча жайыттар *жазгы-күзгү, жайкы, кышкы* болуп бөлүнүшөт.

Райондун жайыттарында жалпысынан жогорку түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 2,5 миңден ашык түрү өсөт, алардын ичинен 220дан ашыгын дары өсүмдүктөр түзүшөт. Аталган өсүмдүктөрдүн баары сиңимдүүлүгү жогору, мал чарбасы үчүн эң маанилүү болгон жайыт тоютунун булагы болуп эсептелишет.

Таблица 1

Ноокатрайонунунжайыт фонду

№	Айыл өкмөт аталышы	Жалпы жайыт аянты, га	Аныничинен, га		
			жазгы-күзгү	жайкы	кышкы
1.	Көк-Бел	3130	950	2180	-
2.	Н.Исанов	11349	2500	8849	-
3.	Кеңеш	4511	1900	2611	-
4.	Кыргыз-Ата	4436	2836	1600	-
5.	Кара-Таш	4862	1796	3066	-
6.	А.Мирмахмудов	4949,6	2012	2937,6	-
7.	Т.Зулпуев	3100	1642	1458	-
8.	Гулистан	4670	2923	1747	-
9.	Жаңы-Ноокат	6183	627,9	5555,1	-
10.	Бел	5008	2000	3008	-
11.	Көк-Жар	5460	2332	2428	700
12.	Он-Эки-Бел	811	811	-	-
13.	Төөлөс	4335	4335	-	-
14.	Т.Кулатов	11992	3500	5892	2600
15.	Ынтымак	4999	2100	1891	1008
16.	Найман	230	230	-	-
Жалпы район боюнча:		**80025,6**	**32494,9**	**43222,7**	**4308**

2009-жылдагы Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү” мыйзамы кабыл алынганга чейин республиканын башка жайыттарындай эле Ноокат районунун аймагындагы жайыт пайдалануунун үч деңгээлге бөлүнгөн администрациялык башкарууда болгондугу эң негизги кемчилдик болуп саналат [2]. Себеби айылга жакын жайыттар жергиликтүү өз алдынча башкарууга, тагыраак айтканда айыл өкмөттөрүнө тиешелүү болсо, интенсивдүү пайдалануудагы жайыттар райондук мамлекеттик администрация тарабынан ижарага берилип турган. Ал эми алыскы жайыттар облустук мамлекеттик администрация тарабынан пайдалануу уруксат берилчү. Мындай ыкма жайыт пайдалануучуларды жайыт башкарууга түздөн-түз катышуудан оолактатып салган. Натыйжада маанилүү жаратылыш ресурсу болгон жайыт такырлануу учурап, сарамжалсыз пайдалануунун негизги себептеринин бири болгон.

Каржылап кармоого болгон каражаттын аз бөлүнгөндүгүнөн райондун жайыт инфраструктураларынын көпчүлүгү оңдоп түздөөгөмуктаж же болбосо дээрлик пайдалануу ыңгайсыз. Мындай абал "Т.Зулпуев", "Кыргыз-Ата", "Көк-жар" "Кеңеш" "Н.Исанов" айыл өкмөттөрүндө кездешет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Мал айдап өтчү жолдор жана көпүрөлөр сел, жер көчкүлөрүнөн же антропогендик таасирлердин натыйжасында бузулуп калгандыктан райондун жайыттарынын 40%, айрыкча алыскы жайыттар пайдаланылбай калган.

Калктуу конуштардын жанындагы жайыт аянттары алыскы жайыттарга салыштырмалуу бир канча интенсивдүү пайдаланылат. Себеби көпчүлүк малчылар транспорттук каражаттарынын жана каржылык мүмкүнчүлүктөрү жетишсиздигине байланыштуу алыскы жайкы жайыттарга мал айдап жеткизе алышпайт. Бир эле жайытка ашыра мал жаюу, жайыттагы чөптөрдүн начарлашына, жайыт өсүмдүктөрүнүн курамынын жана жердин механикалык түзүмүнүн бузулушуна жана эрозиясына алып келген. Мындай көрүнүш айрыкча Кеңеш айыл өкмөтүнүн Көк-төбө, Шаңкол участкаларында, Т.Зулпуеватындагы айыл өкмөтүнүн Кыркол участкасында, “Көк-жар” айыл өкмөтүнүн Улуу тоо участкаларында кенири байкалат.

Натыйжада жайыттардын тоют түшүмдүүлүгү жана запасы азайып, жайыттагы чөп өсүмдүктөр курамында аш болумсуз, уулуу жана зыяндуу чөп өсүмдүктөрү көбөйүп, өзгөчө бадалдануу күчөп (айрыкча тикенектүү бадалдар), жайыттардын деградациялануусу жана суу эрозиясы жогорулап (малдардын издери, суу жеп кетүү, чуңкурлар ж.б.), тоют болумдуу айрым өсүмдүктөрдүн түрлөрү азайып, жайыттарда жегиликсиз өсүмдүк жамаатынын үстөмдүк кылуусу байкалат.

Жайыттардын такырлануу процесси жылдан-жылга күчөө менен көпчүлүк аймактарда калыбына келгис мүнөзгө айланган. Соңку 20 жылдын аралыгында шарттуу түрдө таза деп эсептелген жайыт аянттарынын 18400 гектары (же 23%) деградацияга дуушар болгон.

Малдын санынын көбөйүшү жана табигый тоюттардын начарлашы жайыттарды ашыкча оорчулукка дуушарланткан. Эгерде 2005-2010-жылдары кышкы жайыттарга болгон басымдуулук 1 гектарга - 1,2 шарттуу жандык башын жана 0,21 шарттуу бодо мал башын түзгөн болсо, ал эми 2015-жылы тиешелүү түрдө 1,4 кой-эчки жана 0,28 шарттуу ири мүйүздүүлөр түзүп, экологиялык чектерден 1,5-2 эсеге ашып кеткен. Т.Зулпуев, Кеңеш, Н.Исанов айыл өкмөттөрүндөгү айыл жанындагы жайыттарга болгон басым нормадан 3-4 эсеге ашкан учурлар кездешет.

Мына ошондуктан жайыттарга системалуу мониторинг жүргүзүү зарылчылыгы келип чыккан. Анткени мониторингдин натыйжасында болуп жаткан жагымсыз процесстерди болтурбоо же жоюу үчүн адегенде антропогендик, техногендик терс таасир этүүлөрдү өз учурунда аныктоо жана баалоо иш чараларды жүргүзүү керек.

Ошондуктан Ноокат районунун жайыттарынын потенциалын аныктоо, жайыт пайдалануунун ыңгайлуу ыкмаларын иштеп чыгуу, айыл өкмөттөрдүн деңгээлинде жайыт башкаруу менен байланышкан бир катар маанилүү маселелерди чечүү зарыл.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын жайыттарынын абалын баалоо боюнча колдонмо. - Бишкек, 2013. - 60 б.
2. КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы, 26-янв., 2009-жыл.
3. Осмонов О.Ж. Кыргызстандын айыл-кыштактарынын социалдык-экономикалык турмушу: жетишкендиктер жана проблемалар: (Эки бөлүмдөн турган окуу куралы). - Бишкек: Б., 1994. - 362 б.